| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

2024-жылдын 12-январынан № 8 Бишкек ш.

## «Тепло Центр» ЖЧК тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына болгон тарифтер жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы № 193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына жана ысык суу менен камсыздоого орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызматтарына) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө жобого ылайык, ошондой эле отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 12-январындагы № 06/04 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. 2024-жылдын 1-январынан тартып «Тепло Центр» ЖЧКсы тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына калк, бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн тарифтер 1 Гкал үчүн 4033,78 сом өлчөмүндө (салыктарды кошпогондо) белгиленсин.
2. «Тепло Центр» ЖЧКнын пландуу техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү 2024-жыл үчүн ушул буйруктун тиркемесине ылайык бекитилсин.
3. «Тепло Центр» ЖЧК:

- ушул буйруктун 2-пунктунда бекитилген пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү бекем сактасын;
- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке иш жүзүндөгү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү квартал сайын берип турсун.

4. Жылуулук энергиясына тариф белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө

салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик «Тепло Центр» ЖЧКсынын директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту «Тепло Центр» ЖЧКнын дарегине жөнөтсүн.

6. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

7. Буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г. И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**